# ЧЕК АРА 1924-ЖЫЛКЫ КАРТА МЕНЕН ЧЕЧИЛБЕЙТ...

Президент Садыр Жапаров кечээ “Кабар” агенттигине кезектеги жаңы маегин берди. Анда Мамлекет башчысы кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасы, мамлекеттик ипотекалык үйлөрдү куруу, Нарын шаарынын ички жолдорун курууда каражат булагы боюнча суроолорго жооп берди.

2-бетте



№31 (3480)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

Шейшемби, 2023-жылдын 18-апрели

www.erkin-too.kg



КР Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Нүргүл БАКИРОВА:

## “СОТ АДАМДЫН ТАГДЫРЫН ТУУРА ЭМЕС ЧЕЧСЕ, МОРАЛДЫК ЖАКТАН ӨЛТҮРҮП КОЙГОНГО БАРАБАР БОЛОТ”

12-13-беттерде

## МЕКТЕП МИТИНГ “ОЧОГУБУ”?

Саясатташкан коомдун шапатасы мектеп окуучуларына жетти. Мектепте окуу куралын пайдалануу унутулуп, жеке кызыкчылыктардын аркасында окуучуларды курал катары пайдалана башташты. Бул жакшы жөрөлгө эмес. Кечээ Бишкек шаарындагы №1 мектеп-интернатынын окуучулары эртең менен сабак окугандын ордуна митингге чыгышты. Жаңы дайындалган директордун иштешине каршылыгын билдирип, кыйкырык-сүрөөн салышты. Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгынын маалыматы боюнча №1 мектеп-интернатынын мурдагы директору Нургүл Матканова бир нече ирет одоно мыйзам бузганы үчүн жумуштан берене менен алынганын, документтерин тапшырбай, кабинетти бошотпой, директордун милдетин аткарууга тоскоолдук кылганын билдирди. Албетте мындай шартта мыйзамдын чегинде жооп бериши керек. Бул маселенин бир жагы.

Экинчиден, Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармалыгы окуу процесси жүрүп жаткан кезде баш калаадагы №1 мектеп-интернатты Тоголок Молдо атындагы №71 мектеп-интернатка кошуп, Бишкек мектеп-комплексин түзүү демилгесине жол болсун. Бул “ойлонбой жазылган токтом” эмеспи? Бир мектепти жоюп салуу оңой иш эмес го, акыры.

Жаңы жетекчини кабыл албаган фактылар республиканын аймагына жайылып баратат. Былтыр ноябрда



пайдаланууга берилген Ак-Ордо конушундагы №102 мектептин мугалимдери да жаңы келген директорду кабыл албай койсо, кечээ жакында эле Базар-Коргон районундагы №11 орто мектептин окутуучулар жамааты жаңы директорго каршы чыгышты. Тартип сакталбаса, мектептер митингдин очогуна айланып калбайбы? Билим берүү министри ушуга кабатыр болор бекен?!



## Орозо айт 21-апрелге белгиленди

21-апрель күнү айт намазы окулуп, мусулмандардын Орозо айт майрамы белгиленет. Бул тууралуу Кыргызстандын мусулмандар дин башкармалыгы билдирди. Ыйык майрамдын урматына 21-апрель өлкө аймагында эс алуу күнү болмокчу. Ошону менен кыргызстандыктар бул аптада 21-22-23-апрелде катары менен 3 күн эс алышат.

## 10 салыкчынын чыгымы 100 млн сом

Мамлекеттик салык кызматынын 10 инспектору салыктын суммасын атайылап азайтып, чарба жүргүзүүчү субъекттердин төлөй турган 100 миллион сомдон ашык салык төлөмдөрүн кымырып калганын УКМКнын кызматкерлеринин кылтагына илинди.

Кылмыш жасоого тиешеси бар адамдар коррупцияга шектелип, аларга тиешелүү айып тагылып камакка алынды. Учурда келтирилген так зыянды аныктоо боюнча зарыл болгон тергөө-ыкчам иш-чаралары жүргүзүлүп жатыптыр.

## Шакинин “Аюсу” колго түштү

Мыйзамга баш ийбесе болбойт. Илгеркидей “жең ичинен” иш бүтүрүүнүн доору бүтүп бараткандай. “Аю” компаниясынын мыйзамды буйтап өтчү жолу буулуп, айласы куруп турган чагы. Анткени, мамлекеттик казынага кыянатчылык кылган миллиондогон сомду чапчыган жасалма акциздик маркалары, контрабандалык жол менен агып турган спирти билинип, жооп бере турган учуру келди.

Өлкөдөгү бай адамдын сап башында турган Шаршенбек (Шаки) Абдыкеримовдун спирт заводу өлкө менчигине ыктыярдуу түрдө өткөрүп алуу боюнча мамлекеттик мүлктү башкаруу агенттиги менен меморандумга кол коюшуп жатыптыр. Мыйзамды сыйлабасаң ушул да.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

Иш жума

# Чек ара 1924-жылкы карта менен чечилбейт...



"Кыргыз-тажик чек арасы маселесинде жылыштар жок эмес, бар. Бирок өтө жай жүрүп жатат. Эгер эки тараптын тең кызыкчылыгын эске алуу менен эки тарап тең чек ара сызыктарын сызууга макул болсо, тилкелерде бир эле айлык жумуш калды. Бирок кошуналар жакшы келе жатышып эле айрым тилкелерге келгенде бул жерди 1924-жылкы карта менен чечели деген сунуштарын киргизишүүдө. Ошол үчүн маселе кечеңдөөдө. Чындыгында 1924-жылкы карта менен чечели деген сунуш юридикалык жана моралдык жактан да туура келбейт. Анткени, 1924-жылы алар да, биз да өзүнчө мамлекет эмес элек", - деди Садыр Жапаров.

Бишкек шаарында 6 миң батир салынып жатат. Президенттин айтымында аймактарда да көп кабаттуу үйлөрдү салуу камылгалары башталды. Мисалы: Нарында "Кумтөрдүн" акчасына салынып, элге Мамлекеттик ипотекалык компания аркылуу берилмекчи. Кичи шаарларда жана район борборлорунда да ипотекалык батирлер салынат. "Калктын саны өсүп жатат, ошондуктан мындан ары көп кабаттуу үйлөрдү курууга басым жасап, мамлекет өзүбүз салып берели деп жатабыз", - деди Президент. Таласта да "Жерүй" берген каражатка көп кабаттуу үйдүн долбоору даярдалууда. Жалал-Абадда 200дөн ашык батир салынып жатат.

Белгилей кетсек, мамлекет батирдин 1 чарчы метрин 550 доллардан куруп, 20 жылдык мөөнөт менен МИК аркылуу элге бермекчи. Батир алууга кезекке туруу электрондук форматта болуп, мамлекеттик мекемеде иштегендер гана эмес, бардык жарандар кезекке тура алышат.

Президент ошондой эле Нарын шаарынын ички жолдорун оңдоо иштеринин каражат булагы кайдан болот деген суроого жооп берип, ал үчүн бюджеттен акча бөлүнбөгөндүктөн Президенттин демөөрчүлүк фондунан акча бөлүнөөрүн билдирди.

"Жакында Жумабек Салымбеков "Бай түшүм" банкынын атынан 50 миллион сом демөөрчүлүк кылган. Ошол акча менен Нарын шаарынын жолдорун баштаттым.

Кечээ Сергей Ибрагимов "Бакай" банкынын атынан 100 миллион сом демөөрчүлүк кылды. Бул акчаны да Нарынга берем. Мындан сырткары, Баткен менен Талас шаарларынын жолдорун ченеп чыккыла деп Транспорт министрлигине тапшырма бердим. Кийинки жылдары жасайбыз деп ниет кылып турам", - деп билдирди Садыр Жапаров.

## Азык-түлүк туруктуулугун сактоого эки сунуш

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 15-апрелде Вашингтондо Дүйнөлүк банк менен Эл аралык валюта фондунун жазгы жыйындарына катышып, «Азык-түлүк коопсуздугунун коркунучуна жооп берүүдөн азык-түлүк системасын өзгөртүүгө өтүү» аттуу тегерек столдо сөз сүйлөдү.

Өз сөзүндө азык-түлүк туруктуулугун бекемдөө үчүн эки багытты сунуштап, анын биринчиси катары дүйнөлүк экономикалык коомчулук эркин сооданын жана товарлардын эркин жүрүүсүнүн жалпыга белгилүү принцибин карманышы керек деп белгиледи. Анын пикиринде соодадагы тарифтик жана тарифтик эмес тоскоолдуктар, чек ара маселеси, импорт жана экспортко тыюу салуулар чакан өлкөлөргө терс таасирин тийгизүүдө. "Эгер ушундай кичинекей өлкөлөр эреже менен ойноп, башкалар эреже менен ойнобосо, биз абдан кыйналып калышыбыз мүмкүн", - деди ал. Экинчиден, ачык рынокто атаандаштыкка жана кез келген бардык кризистерге, анын ичинде жаңы кризистерге туруштук берүү үчүн өнүгүп келе жаткан өлкөлөр айыл чарба жана азык-түлүк системабызды кайра түзүүбүз зарыл, - деп белгиледи Акылбек Жапаров.

## Экология жана экономика ажырагыс маселе



Кыргызстан дүйнөлүк коомчулук менен бирге туруктуу өнүгүүгө жетишүү үчүн бардык чараларды көрүп, экономикалык өнүгүү менен айлана-чөйрөнү коргоонун ортосундагы тең салмактуулукту бекем сактоону улантат. Мындай пикирин Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев Санкт-Петербург шаарында 14-апрелде өткөн КМШ мамлекеттеринин Парламенттер аралык ассамблеясынын (КМШ ПАА) 55-пленардык отурумунда сүйлөп жатып айтты. Ошону менен бирге Төрага Кыргыз Республикасынын демилгеси менен БУУнун Башкы ассамблеясы "Тоолорду туруктуу өнүктүрүү" резолюциясын кабыл алып, 2023-2027-жылдар "Тоолуу аймактарды өнүктүрүүнүн беш жылдыгы" деп жарыяланганын эске салды. Нурланбек Шакиев Президенттин Жарлыгы менен 2040-жылга чейин суу ресурстарын натыйжалуу башкарууга багытталган суу боюнча улуттук стратегия кабыл алынганын белгиледи.

Белгилей кетсек, КМШ ПААнын сессиясында экология маселеси каралып, Төрага Нурланбек Шакиев "Экология жана жаратылышты пайдалануу чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу" темасында баяндама жасады.

## Акылбек Жапаров Аджай Бангага эмне деди?



Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Вашингтондо Дүйнөлүк банктын жаңы президенти Аджай Банга менен жолугушту. Белгилей кетсек, Аджай Банга жаңы кызматына 1-июлдан баштап киришет.

Жолугушууда тараптар Дүйнөлүк банктын өлкөбүздө ишке ашырылып жана алдыда пландалып жаткан долбоорлору боюнча пикир алмашты. Акылбек Жапаров Министрлер Кабинетинин ишмердигинде өлкөнүн энергетикалык тармагы артыкчылыктуу багыт экендигин айтты. Ал "Камбар-Ата-1" ГЭСи жөнүндө айтып, бул долбоор сууну сактоочу жана аймактагы республикалар үчүн суунун булагы катары жалпы аймактык мааниге ээ "жашыл" долбоор деп белгиледи. Аджай Банганы бул маселе менен жакындан таанышуу үчүн Кыргызстанга келип кетүүгө чакырды.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Дүйнөлүк банк башчысына тышкы карыздЫ жашыл жана климаттык долбоорлорго алмашуу боюнча демилгенин локомотиви жана лидери болууну сунуш кылды. Аджай Банга МинКабдын Төрагасынын бул сунушунун маанилүүлүгүн белгилеп, Дүйнөлүк банк бул маселени дыкат карап чыгат деп билдирди.

## Виталий Меркелов менен маектешти

Россиянын "Газпром" ишканасы өлкөбүздү газдаштыруу иштерин жүргүзүп жатканы жалпыга маалым.

17-апрелде Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров "Газпром" ачык акционердик коомунун башкармалыгынын төрагасынын орун басары Виталий Маркеловду кабыл алды.

Жолугушууда 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын газ менен камсыздоо жана газдаштыруунун башкы схемасынын алкагында республиканы газдаштыруу системасын жакшыртуу боюнча мындан аркы чаралар талкууланды. Ошондой эле газ менен камсыздоо маселесинде күзкыш мезгилинин жыйынтыгы боюнча да сөз болду. Акылбек Жапаров "Газпром" бир катар социалдык жана спорттук объектилерди куруп жаткандыгы үчүн ыраазычылык билдирди.

## Каналды оңдоо иштери жүрүп жатат

Ноокен районундагы "Шайдан ветка", Аксы районундагы XXII Партсъезд, Кербен шаарындагы Барпы каналдарын оңдоо иштери жүрүүдө. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев аталган райондордо болуп, аткарылып жаткан иштерди жеринде көрүп чыкты. "Шайдан ветка" каналынын 448 метр аралыгын бетондоо жумуштары жүрүп жатат. Жумуш бүтсө каналдан 50%га чейин суу жоготууну кыскартууга мүмкүн болот. Аксынын XXII Партсъезд каналын толук оңдоп-түзөөдөн өткөрүү жана бир чакырым аралыкты бетондоого 15 млн сом керектелет. 4830 метрди түзгөн Барпы каналын оңдоо үчүн да керектүү каражатты табуу зарыл.

Бакыт Төрөбаев жергиликтүү бийлик ээлерине ирригациялык объектилерди реабилитациялоонун сметасын кайра карап чыгууну тапшырды. Ал облустук жана райондук өнүктүрүү фонддордон каржылоону сунуштап, кошумча каражат республикалык бюджеттен берилээрин айтты.

**Даярдаган**
**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

## 2023-ЖЫЛДЫН 27-ЯНВАРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АВТОМОБИЛЬ ЖАНА КОММЕРЦИЯЛЫК ТЕХНИКА ӨНДҮРҮШҮН УЮШТУРУУ БОЮНЧА КЫЗМАТТАШТЫК ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 15-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2023-жылдын 27-январында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасында автомобиль жана коммерциялык техника өндүрүшүн уюштуруу боюнча кызматташтык жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө белгиленген тартипте Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнө кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 13-апрели, №89***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ РЕСПУБЛИКИ УЗБЕКИСТАН О СОТРУДНИЧЕСТВЕ ПО ОРГАНИЗАЦИИ ПРОИЗВОДСТВА АВТОМОБИЛЬНОЙ И КОММЕРЧЕСКОЙ ТЕХНИКИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ, ПОДПИСАННОГО 27 ЯНВАРЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 15 марта 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Республики Узбекистан о сотрудничестве по организации производства автомобильной и коммерческой техники в Кыргызской Республике, подписанное 27 января 2023 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Правительство Республики Узбекистан о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 13 апреля 2023 года, №89***

## "ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 1-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Дене тарбия жана спорт жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №5, 261-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-статьяда:

а) статья төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

**"Азия жана Азиянын паралимпиадалык оюндары** - Азиянын олимпиадалык кеңешинин калкасы астында Азиянын бардык өлкөлөрүнүн атлеттеринин арасында, ошондой эле таяныч-кыймылдоо аппаратында жана көрүү органдарында жабыркоосу бар майып спортчулардын арасында ар бир 4 жылда өткөрүлүүчү спорттук мелдештер;";

б) статья төмөнкүдөй мазмундагы алтынчы жана жетинчи абзацтар менен толукталсын:

**"олимпиадалык жана паралимпиадалык оюндар** - Эл аралык олимпиадалык жана паралимпиадалык комитеттин калкасы астында 4 жылда бир өткөрүлүүчү эл аралык комплекстүү спорттук мелдештер;

**спорттун олимпиадалык түрлөрү боюнча дүйнөлүк чемпионаттар** - атлеттер арасында 4 жылда бир же жылына 1 жолудан көп эмес өткөрүлүүчү ири эл аралык мелдештер;";

в) статья төмөнкүдөй мазмундагы он төртүнчү - он жетинчи абзацтар менен толукталсын:

**"курама команданын башкы машыктыруучусу** - жогорку профилдик билими бар жана Олимпиада жана Паралимпиада оюндарында, Азия жана Азиянын паралимпиадалык оюндарында, спорттун түрлөрү боюнча дүйнөлүк чемпионаттарда жана башка эл аралык мелдештерде спорттун түрү боюнча курама команданы жетектөөгө, түзүүгө, даярдоого жана чыгарууга жооптуу, дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган тартипте дайындалуучу адам;

**курама команданын улук машыктыруучусу** - жогорку профилдик билими бар жана спортчуларды Олимпиада жана Паралимпиада оюндарына, Азия жана Азиянын паралимпиадалык оюндарына, спорттун түрлөрү боюнча дүйнөлүк чемпионаттарга жана башка эл аралык мелдештерге чыгуу үчүн белгилүү бир спорттун туру боюнча кесиптик даярдоону, окутууну, спорттук машыктыруу процессинин дене тарбиялык, теориялык, моралдык-эрктик, техникалык жактан өркүндөтүүнү камсыз кылуу үчүн жооптуу, дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган тартипте дайындалуучу адам;

**жеке машыктыруучу** - спорттук кесиптик билими бар, чемпионду же байге ээсин даярдоочу окуу-машыктыруу процессин жүргүзүүчү жана спорттук натыйжаларга жетишүүсү үчүн анын мелдештик иш-аракеттерине жетекчилик кылуучу адам;

**биринчи машыктыруучу** - чемпион наамын жеңип алган же байге ээси болгон спортчунун жаш кезинде функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү жолу менен, баштапкы окутууга жана чеберчилигин өркүндөтүүгө катышуучу, спорттун белгилүү бир түрүндө адистешкен адам.";

2) 4-статьянын биринчи бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 6-статьяда:

а) статьянын аталышында "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) биринчи абзацта "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) статья төмөнкүдөй мазмундагы сегизинчи абзац менен толукталсын:

"- дене тарбия жана спорт жаатында жогорку спорттук натыйжаларга жетишкендиги үчүн бир жолку акчалай сыйлык түрүндөгү мамлекеттик төлөмдөрдүн өлчөмдөрүн аныктайт;";

г) статья төмөнкүдөй мазмундагы экинчи жана үчүнчү бөлүктөр менен толукталсын:

"Бир жолку акчалай сый акыларды төлөө өлчөмү Олимпиада, Паралимпиада, Азия жана Азиянын паралимпиадалык оюндарына, дүйнөнүн жана Азиянын чемпионаттарына спортчулардын катышуусу башталганга чейин 1 жыл мурун аныкталат. Мында, чемпиондор жана байге ээлери үчүн сый акылардын суммалары, ошондой эле машыктыруучулар (курама команданын башкы машыктыруучусу, курама команданын улук машыктыруучусу, жеке машыктыруучу, биринчи машыктыруучу) жана врачтар үчүн бөлүштүрүлүүчү сый акылардын суммалары жана аларды бөлүштүрүү пайыздары буга чейин төлөнүп берилген бир жолку акчалай сый акылардын суммасынан кем эмес белгиленет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн ченемдик укуктук актылары аркылуу башка орундар үчүн бир жолку акчалай сый акылардын мамлекеттик төлөмдөрүн белгилөөгө укуктуу.";

4) 7-статьянын үчүнчү бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

5) 8-статьяда:

а) үчүнчү бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) төртүнчү бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

6) 10-статьянын экинчи бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

7) 14-статьянын экинчи бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

8) 19-статьяда:

а) төртүнчү бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) бешинчи бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

9) 22-статьянын экинчи жана жетинчи бөлүктөрүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинетй" деген сөздөргө алмаштырылсын;

10) 23-статьяда:

а) экинчи бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) үчүнчү бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

11) III главанын аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "III глава. Дене тарбия жана спорт менен машыгуучу адамдардын укуктары жана милдеттери, аларга мамлекет тарабынан берилүүчү социалдык кепилдиктер жана аларды коргоо";

12) 25-статьянын экинчи, төртүнчү жана жетинчи бөлүктөрүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

13) 31-статьянын экинчи бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

14) 42-статьянын экинчи бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-апрели, №90***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЕ И СПОРТЕ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 1 марта 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О физической культуре и спорте» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2000 г., №5, ст. 261) следующие изменения:

1) в статье 3:

а) статью дополнить абзацем вторым следующего содержания:

**«азиатские и азиатские паралимпийские игры** - спортивные состязания, проводимые каждые 4 года среди атлетов со всех стран Азии под эгидой Олимпийского совета Азии, а также среди спортсменов-инвалидов с поражением опорно-двигательного аппарата и органов зрения;»;

б) статью дополнить абзацами шестым и седьмым следующего содержания:

**«олимпийские и паралимпийские игры** - международные комплексные спортивные соревнования, проводимые раз в 4 года под эгидой Международного олимпийского и паралимпийского комитета;

**чемпионаты мира по олимпийским видам спорта** - крупные международные соревнования, проводимые раз в 4 года или не более 1 раза в год среди атлетов;»;

в) статью дополнить абзацами четырнадцатым - семнадцатым следующего содержания:

**«главный тренер сборной команды** - лицо, имеющее высшее профильное образование и ответственное за руководство, формирование, подготовку и выступление сборной команды по виду спорта на Олимпийских и Паралимпийских играх, Азиатских и Азиатских Паралимпийских играх, чемпионатах мира по видам спорта и других международных соревнованиях, назначаемое в порядке, определяемом уполномоченным государственным органом в сфере физической культуры и спорта;

**старший тренер сборной команды** - лицо, имеющее высшее профильное образование и ответственное за обеспечение профессиональной подготовки, обучение, совершенствование физической, теоретической, морально-волевой, технической сторон спортивно-тренировочного процесса спортсменов по определенному виду спорта для их выступления на Олимпийских и Паралимпийских играх, Азиатских и Азиатских Паралимпийских играх, чемпионатах мира по видам спорта и других международных соревнованиях, назначаемое в порядке, определяемом уполномоченным государственным органом в сфере физической культуры и спорта;

**личный тренер** - лицо, имеющее спортивное профессиональное образование, осуществляющее учебно-тренировочный процесс подготовки чемпиона или призера и руководство его состязательной деятельностью для достижения спортивных результатов;

**первый тренер** - лицо, специализирующееся в определенном виде спорта, участвовавшее в начальном обучении и совершенствовании мастерства путем развития функциональных возможностей спортсмена в юные годы, завоевавшего впоследствии звание чемпиона или ставшего призером.»;

2) в части первой статьи 4 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

3) в статье 6:

а) в наименовании статьи слово «Правительства» заменить словами «Кабинета Министров»;

б) в абзаце первом слово «Правительство» заменить словами «Кабинет Министров»;

в) статью дополнить абзацем восьмым следующего содержания:

«- определяет размеры государственных выплат в виде единовременных денежных вознаграждений за достижение высоких спортивных результатов в области физической культуры и спорта;»;

г) статью дополнить частями второй и третьей следующего содержания:

«Размер выплат единовременных денежных вознаграждений определяется за 1 год до начала участия спортсменов в Олимпийских, Паралимпийских, Азиатских и Азиатских Паралимпийских играх, в чемпионатах мира и Азии. При этом суммы вознаграждений для чемпионов и призеров, а также суммы вознаграждений и проценты их распределения для тренеров (главный тренер сборной команды, старший тренер сборной команды, личный тренер, первый тренер) и врачей устанавливаются не меньше суммы предыдущей выплаты единовременных денежных вознаграждений.

Кабинет Министров Кыргызской Республики вправе своими нормативными правовыми актами установить государственные выплаты единовременных денежных вознаграждений за иные места.»;

4) в части третьей статьи 7 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

5) в статье 8:

а) в части третьей слово «Правительство» заменить словами «Кабинет Министров»;

б) в части четвертой слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

6) в части второй статьи 10 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

7) в части второй статьи 14 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

8) в статье 19:

а) в части четвертой слово «Правительство» заменить словами «Кабинет Министров»;

б) в части пятой слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

9) в частях второй и седьмой статьи 22 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

10) в статье 23:

а) в части второй слово «Правительства» заменить словами «Кабинета Министров»;

б) в части третьей слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

11) наименование главы III изложить в следующей редакции: «Глава III. Права и обязанности лиц, занимающихся физической культурой и спортом, социальные гарантии и защита, предоставляемые им государством»;

12) в частях второй, четвертой и седьмой статьи 25 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

13) в части второй статьи 31 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

14) в части второй статьи 42 слово «Правительству» заменить словами «Кабинету Министров».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в трехмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 14 апреля 2023 года, №90***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# "СОТТУК-ЭКСПЕРТТИК ИШ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 2-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Соттук-эксперттик иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы. 2013-ж., №6, 638-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-беренеде:

а) биринчи абзацта "жана административдик иштер" деген сөздөр ", административдик иштер жана укук бузуулар жөнүндө иштер" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Соттук эксперттин тыянагы - ал тарабынан экспертизанын объекттерине жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү талдоонун натыйжасында алынган, атайын билимдердин базасындагы изилдөөнүн натыйжасы боюнча түзүлгөн, конкреттүү маселе боюнча соттук эксперттин жазуу жүзүндө баяндалган ой корутундусу. Тыянактар бир маанилүү жана ыктымалдуу болушу мүмкүн.";

в) он үчүнчү абзацта "соттук-эксперттик изилдөөнү жүргүзүүгө тийиштүү эксперттик адистиги боюнча квалификациясын ырастоочу" деген сөздөр "тийиштүү эксперттик адистиги боюнча квалификациясын ырастоочу жана соттук-эксперттик изилдөөнү жүргүзүүгө укук берүүчү" деген сөздөргө алмаштырылсын:

г) он бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Соттук эксперт адистиги - белгилүү бир жааттагы, түрдөгү жана түрчөдөгү экспертизаларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон белгилүү бир билимге, атайын даярдыкка жана иш тажрыйбасына ээ болуу жолу менен алынган билимдердин, жөндөмдөрдүн жана көндүмдөрдүн комплекси.";

д) он алтынчы абзацта "жазыктык, жарандык же административдик процесстердин" деген сөздөр "кылмыш-жаза, жарандык, административдик процесстердин же укук бузуулар жөнүндө иштин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

е) берене төмөнкүдөй мазмундагы жыйырманчы абзац менен толукталсын:

"Атайын эксперттик даярдык (кесиптик даярдык) - белгилүү бир билими бар адамдын белгилүү бир жааттагы, түрдөгү жана түрчөдөгү экспертизалардын өндүрүшүндө өзүнүн билимин колдонуу көндүмдөрүнө ээ болуу процесси жана натыйжасы, тактап айтканда, анын эксперт кесибине (квалификациясына) ээ болуу процесси.";

2) 3-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3-берене. Соттук-эксперттик иш жөнүндө мыйзамдар

Соттук-эксперттик иш жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза, Кылмыш-жаза процессуалдык, Жарандык процесстик, Административдик-процесстик кодекстеринен, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинен, ушул Мыйзамдан жана соттук экспертизаларды уюштурууну, дайындоону жана жүргүзүүнү жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылардан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерден турат.";

3) 11-беренеде:

а) 1-пунктта "жана административдик иштер" деген сөздөр ", административдик иштер жана укук бузуулар жөнүндө иштер" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4) соттук эксперттин ведомстволук караштуулугуна карабастан эксперттик изилдөөлөрдү жүргүзүүдө бирдиктүү методикалык мамилени иштеп чыгуу жана камсыз кылуу.";

4) 12-березенин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацынын биринчи сүйлөмүндө "уруксаты менен" деген сөздөр "жазуу жүзүндөгү уруксаты менен" деген сөздөргө алмаштырылсын;

5) 13-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Соттук-эксперттик иш мамлекеттик жана мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылат.";

б) 3-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Соттук-эксперттик иш негизги иши болуп саналган уюмдар мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдар болуп таанылат. Соттук-эксперттик уюмдун штатында алар үчүн бул негизги иш орду болуп саналган жана алардын квалификациясынын деңгээли белгиленген тартипте берилген компетенттүүлүк сертификаты менен ырасталган эксперттер турууга тийиш.

Мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдар соттук-эксперттик ишке катышуу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар же эл аралык стандарттарга шайкештигин аныктоого ыйгарым укуктуу болгон башка органдар (уюмдар) тарабынан белгиленген тартипте жүзөгө ашырылуучу соттук экспертиза чөйрөсүндөгү сапат стандарттарына ылайык келүүгө аккредитациялануга тийиш.

Мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдар мамлекеттик соттук-эксперттик уюмдар гана жүргүзүүчү экспертизалардан башка соттук экспертизалардын бардык түрлөрүн жүргүзөт.

Мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдар баңги каражаттарына, психотроптук заттарга жана прекурсорлорго экспертиза жүргүзбөйт.

Мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдарга экспертизалардын төмөнкү түрлөрүн жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилет:

1) баллистикалык экспертиза;

2) адам издерине экспертиза;

3) бүтүнгө бөлүктөр боюнча экспертиза;

4) жарылуучу техникага экспертиза;

5) өрт-техникалык экспертизасы;

6) люминофорлорго экспертиза;

7) автотехникалык экспертиза;

8) транспорттук-трассологиялык экспертиза;

9) товар таануу экспертизасы - кылмыш-жаза иштери боюнча;

10) дин таануу экспертизасы - кылмыш-жаза иштери боюнча;

11) лингвистикалык экспертиза - кылмыш-жаза иштери боюнча;

12) адамдын биологиялык бөлүп чыгарууларына жана алардын издерине экспертиза - кылмыш-жаза иштери боюнча;

13) видео жана үн жазууларына экспертиза - кылмыш-жаза иштери боюнча;

14) ДНК экспертизасы - кылмыш-жаза иштери боюнча;

15) стационардык соттук-психиатриялык экспертиза;

16) өлүктөргө экспертиза;

17) дарыгерлердин кесиптик иштериндеги укук бузуулар боюнча экспертиза.

Экспертизалардын көрсөтүлгөн түрлөрүн жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарды мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдарга өткөрүп берүү тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.";

в) 4-бөлүктө "Бир жана ошол эле профилдеги мамлекеттик" деген сөздөр "Мамлекеттик" деген сөзгө алмаштырылсын;

г) 6-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"6. Соттук эксперттин адистигинин алкагынан чыккан жана соттук-эксперттик уюмдар тарабынан жүргүзүлбөгөн экспертизалардын айрым түрлөрүн жүргүзүү үчүн соттук экспертизаны дайындаган жактын же органдын чечими боюнча тиешелүү билимге ээ башка адистер мыйзамда белгиленген тартипте тартылышы мүмкүн.";

6) 14-беренеде:

а) 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Мындай учурда экспертиза дайындоо жөнүндө токтом чыгарылганга чейин аны дайындаган орган (жак) экспертиза жүргүзүүнү тапшырууга ниеттенген эксперттин өздүгүн, анын компетенттүүлүгүн текшерип, анын тараптар менен болгон мамилесин аныктап, эксперттен баш тартууга негиздер жок экендигин текшерүүгө тийиш.";

б) 3-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Бул чөйрөдө соттолгондугу жоюлбаган жактар соттук эксперт катары тартыла албайт.

Тиешелүү юридикалык факт катталган күндөн тартып 3 жылдын ичинде төмөнкүдөй адам соттук эксперт боло албайт:

1) бул чөйрөдөгү анын соттолгондугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлган;

2) соттук-эксперттик уюмдан (укук коргоо органдарынын профилдик бөлүмдөрү) тартиптик жорук жасагандыгына байланыштуу бошотулган;

3) соттук-эксперттик иш менен алектенүүгө компетенттүүлүк сертификатынан ажыратылган;

4) анын соттук-эксперттик иш менен алектенүүгө компетенттүүлүк сертификатынын колдонулушу токтотулган.";

7) 15-беренеде:

а) 1-бөлүктөгү "атайын" деген сөз "атайын илимий" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдарда эксперттин кызмат ордун жогорку кесиптик билими бар жана кийин конкреттүү эксперттик адистик боюнча атайын даярдыктан өткөн жаран ээлей алат. Эксперттердин кесиптик даярдыгынын деңгээлин аныктоо мамлекеттик эксперттик-квалификациялык комиссиялар тарабынан жүзөгө ашырылат. Эксперттердин кесиптик даярдыгынын деңгээли ар бир 5 жылда аталган комиссиялар тарабынан кайра каралууга тийиш.";

8) 16-беренеде:

а) 1-бөлүгүнүн экинчи абзацындагы "эксперттик-квалификациялык комиссия" деген сөздөр "мамлекеттик эксперттик-квалификациялык комиссиялар" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүктө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

9) 17-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"17-берене. Мамлекеттик эксперттик-квалификациялык комиссиялар

1. Мамлекеттик эксперттик-квалификациялык комиссиялар мамлекеттик соттук эксперттин же мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдун соттук экспертинин компетенттүүлүк сертификатын берүү, берүүдөн баш тартуу, колдонулушун токтото туруу, токтотуу, же болбосо ажыратуу жөнүндө чечимди кабыл алат.

2. Мамлекеттик эксперттик-квалификациялык комиссиялар соттук-эксперттик мекемелердин өкүлдөрүнөн жана 5 жылдан кем эмес эксперттик иш стажы бар соттук эксперттерден түзүлгөн туруктуу курамга ээ болот.

3. Комиссияларда соттук экспертизалардын айрым жааттары (түрлөрү) же болбосо конкреттүү эксперттик багыттар боюнча секциялар түзүлөт.

4. Комиссиялардын курамына аткаруу бийлигинин башка органдарынын, илимий мекемелердин жана жогорку окуу жайларынын эксперттик кызматтарынын өкүлдөрү киргизилиши мүмкүн.

5. Мамлекеттик эксперттик-квалификациялык комиссиялардын ишинин тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.";

10) 18-беренеде:

а) "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

11) 19-березенин 3-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 4-пункт менен толукталсын:

"4) аны дайындаган органды (жакты) кошпогондо, соттук экспертизанын жыйынтыктары жөнүндө кимдир бирөөгө билдирүүгө.";

12) 21-беренеде:

а) 2-бөлүктө:

- 2-пунктта "жазык, жарандык жана административдик" деген сөздөр алып салынсын;

- 6-пунктта ", түшүндүрмөлөрдү, сунуштарды" деген сөздөр алып салынсын;

б) 3-бөлүктүн 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) тиешелүү соттук-эксперттик уюмдун жетекчиси же аны дайындаган орган (жак) тарабынан тапшырылган соттук экспертизаны өндүрүшкө кабыл алууга;";

13) 22-беренеде:

а) 2-бөлүктө ", административдик" деген сөз алып салынсын;

б) 3-бөлүктө "ажыратылышы мүмкүн" деген сөздөр "ажыратылат" деген сөзгө алмаштырылсын;

14) 24-березенин аталышында "Соттук-эксперттик уюмда соттук" деген сөздөр "Соттук" деген сөзгө алмаштырылсын;

15) 27-беренеде:

а) 3-бөлүктө "уюштуруу жана жүргүзүү" деген сөздөр "жүргүзүүнү уюштуруу" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 5-бөлүктүн төртүнчү сүйлөмү алып салынсын;

16) 29-березенин 4-бөлүгүнүн үчүнчү абзацында "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

17) 30-березенин 1-бөлүгүнүн 1-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

18) 31-березенин 1-бөлүгүндө:

а) 2-пунктта ", бул тууралуу соттук экспертизаны дайындаган органга (жакка) дароо кабарландырылат" деген сөздөр алып салынсын;

б) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 4-пункт менен толукталсын:

"4) эгерде коюлган маселе соттук эксперттин атайын билиминин чегинен тышкары чыкса.";

19) 33-беренеде:

а) 2-бөлүктө "кызматтарды көрсөтүүгө укуктуу" деген сөздөр "кызматтарды келишимдик негизде көрсөтүүгө укуктуу" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-бөлүктө "Башка" деген сөз "Мамлекеттик эмес" деген сөздөргө алмаштырылсын;

20) 34-березенин 2-бөлүгүндө "мамлекеттик соттук-эксперттик уюмдарга" деген сөздөр "ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга" деген сөздөргө алмаштырылсын:

21) 35-березенин 2-бөлүгүндө "буюмдук далил болгон предметтерди" деген сөздөр "изилденип жаткан объекттерди" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 10-апрели, №83***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН НАРЫН ОБЛУСУНУН КОЧКОР РАЙОНУНУН КОШ-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫН, ОШ ЖАНА ТАЛАС ОБЛУСТАРЫНЫН АЙРЫМ АЙЫЛДАРЫН ЖАНА ТАЛАС ОБЛУСУНУН КАРА-БУУРА РАЙОНУН КАЙРА АТОО ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 22-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Кочкор районунун Кош-Дөбө айыл аймагы Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Кочкор районунун Ормон-Хан айыл аймагы деп кайра аталсын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Ноокат районунун Бел айыл аймагынын Борбаш айылы Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Ноокат районунун Бел айыл аймагынын Кайрагач айылы деп кайра аталсын.

**3-берене**

Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Кара-Буура району Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Айтматов району деп кайра аталсын.

**4-берене**

Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Кара-Буура районунун Чолпонбай айыл аймагынын Чымгент айылы Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Айтматов районунун Чолпонбай айыл аймагынын Чолпонбай айылы деп кайра аталсын.

**5-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 10-апрели, №82***

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О СУДЕБНО-ЭКСПЕРТНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 2 марта 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О судебно-экспертной деятельности» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2013 г., №6, ст. 606) следующие изменения:

1) в статье 2:

а) в абзаце первом слова «и административному делу» заменить словами «, административному делу и делу о правонарушениях»;

б) абзац второй изложить в следующей редакции:

«Вывод судебного эксперта - изложенное в письменном виде умозаключение судебного эксперта по конкретному вопросу, полученное им в результате анализа проведенных исследований объектов экспертизы, сформированное по результатам исследования на базе специальных познаний. Выводы могут быть категорические и вероятные.»;

в) абзац тринадцатый после слова «специальности» дополнить словами «и дающий право»;

г) абзац пятнадцатый изложить в следующей редакции:

«Специальность судебного эксперта - комплекс знаний, умений и навыков, приобретенных путем получения определенного образования, специальной подготовки и опыта работы, необходимых для производства экспертиз определенного рода, вида и подвида.»;

д) в абзаце шестнадцатом слова «уголовного, гражданского или административного процесса» заменить словами «уголовного, гражданского, административного процесса или дела о правонарушениях.»;

е) статью дополнить абзацем двадцатым следующего содержания:

«Специальная экспертная подготовка (профессиональная подготовка) - процесс и результат приобретения лицом, имеющим определенное образование, навыков применения имеющихся у него знаний в производстве экспертиз определенного рода, вида и подвида, то есть процесс приобретения им профессии (квалификации) эксперта.»;

2) статью 3 изложить в следующей редакции:

«Статья 3. Законодательство о судебно-экспертной деятельности

Законодательство Кыргызской Республики о судебно-экспертной деятельности основывается на Конституции Кыргызской Республики и состоит из Уголовного, Уголовно-процессуального, Гражданского процессуального, Административно-процессуального кодексов Кыргызской Республики, Кодекса Кыргызской Республики о правонарушениях, настоящего Закона и иных нормативных правовых актов, регламентирующих организацию, назначение и производство судебных экспертиз, а также международных договоров, вступивших в силу в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.»;

3) в статье 11:

а) в пункте 1 слова «и административным делам» заменить словами «, административным делам и делам о правонарушениях»;

б) пункт 4 изложить в следующей редакции:

«4) выработку и обеспечение единого методического подхода при производстве экспертных исследований независимо от ведомственной принадлежности судебного эксперта.»;

4) в предложении первом абзаца первого части 2 статьи 12 слова «с разрешения» заменить словами «с письменного разрешения»;

5) в статье 13:

а) часть 1 изложить в следующей редакции:

«1. Судебно-экспертная деятельность осуществляется государственными и негосударственными судебно-экспертными организациями.»;

б) часть 3 изложить в следующей редакции:

«3. Негосударственными судебно-экспертными организациями признаются организации, судебно-экспертная деятельность которых является основной. В штате судебно-экспертной организации должны состоять эксперты, для которых данное место работы является основным и уровень квалификации которых подтвержден сертификатом компетентности, выданным в установленном порядке.

Негосударственные судебно-экспертные организации для участия в судебно-экспертной деятельности подлежат аккредитации на соответствие стандартам качества в сфере судебной экспертизы, осуществляемой в порядке, установленном уполномоченными государственными органами или иными органами (организациями), уполномоченными на определение соответствия международным стандартам.

Негосударственные судебно-экспертные организации проводят все виды судебных экспертиз, кроме экспертиз, проводимых исключительно государственными судебно-экспертными организациями.

Негосударственные судебно-экспертные организации не проводят экспертизу наркотических средств, психотропных веществ и прекурсоров.

Негосударственным судебно-экспертным организациям будут переданы полномочия по производству следующих видов экспертиз:

1) баллистическая экспертиза;

2) экспертиза следов человека;

3) экспертиза целого по частям;

4) взрывотехническая экспертиза;

5) пожарно-техническая экспертиза;

6) экспертиза люминофоров;

7) автотехническая экспертиза;

8) транспортно-трассологическая экспертиза;

9) товароведческая экспертиза - по уголовным делам;

10) религиоведческая экспертиза - по уголовным делам;

11) лингвистическая экспертиза - по уголовным делам;

12) экспертиза биологических выделений человека и их следов - по уголовным делам;

13) экспертиза видео- и звукозаписей - по уголовным делам;

14) экспертиза ДНК - по уголовным делам;

15) стационарная судебно-психиатрическая экспертиза;

16) экспертиза трупов;

17) экспертиза по правонарушениям в профессиональной деятельности врачей.

Порядок и условия передачи полномочий по производству указанных видов экспертиз негосударственным судебно-экспертным организациям определяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

в) в части 4 слова «одного и того же профиля» исключить;

г) часть 6 изложить в следующей редакции:

«6. Для проведения некоторых видов экспертиз, выходящих за рамки специальностей судебного эксперта и не проводимых судебно-экспертными организациями, по решению лица или органа, назначивших судебную экспертизу, могут привлекаться в установленном законодательством порядке другие специалисты, обладающие соответствующими знаниями.»;

6) в статье 14:

а) часть 2 дополнить абзацем вторым следующего содержания:

«В этом случае до вынесения постановления о назначении экспертизы орган (лицо), ее назначивший, должен удостовериться в личности эксперта, которому он намерен поручить проведение экспертизы, его компетентности, выяснить его отношения со сторонами и проверить, нет ли оснований к отводу эксперта.»;

б) часть 3 изложить в следующей редакции:

«3. Не могут привлекаться в качестве судебного эксперта лица, имеющие непогашенную судимость в данной сфере.

В течение 3 лет со дня соответствующего юридического факта судебным экспертом не может быть лицо:

1) судимость которого в данной сфере погашена в установленном законом порядке;

2) уволенное с судебно-экспертных организаций (профильные подразделения правоохранительных органов) в связи с совершением дисциплинарного проступка;

3) лишенное сертификата компетентности на занятие судебно-экспертной деятельностью;

4) действие сертификата компетентности на занятие судебно-экспертной деятельностью которого прекращено.»;

7) в статье 15:

а) в части 1 слово «специальными» заменить словами «специальными научными»;

б) часть 2 изложить в следующей редакции:

«2. Должность эксперта в государственных и негосударственных судебно-экспертных организациях может занимать гражданин, имеющий высшее профессиональное образование и прошедший последующую специальную подготовку по конкретной экспертной специальности. Определение уровня профессиональной подготовки экспертов осуществляется государственными экспертно-квалификационными комиссиями. Уровень профессиональной подготовки экспертов подлежит пересмотру указанными комиссиями каждые 5 лет.»;

8) в статье 16:

а) в абзаце втором части 1 слова «экспертно-квалификационными комиссиями» заменить словами «государственными экспертно-квалификационными комиссиями»;

б) в части 2 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

9) статью 17 изложить в следующей редакции:

«Статья 17. Государственные экспертно-квалификационные комиссии

1. Государственные экспертно-квалификационные комиссии принимают решение о выдаче, отказе в выдаче, приостановлении, прекращении действия либо лишении сертификата компетентности государственного судебного эксперта или судебного эксперта негосударственной судебно-экспертной организации.

2. Государственные экспертно-квалификационные комиссии имеют постоянный состав, образующийся из представителей судебно-экспертных учреждений и судебных экспертов, имеющих стаж экспертной работы не менее 5 лет.

3. В комиссиях образуются секции по отдельным родам (видам) судебных экспертиз либо конкретным экспертным направлениям.

4. В состав комиссий могут быть включены представители экспертных служб иных органов исполнительной власти, научных учреждений и высших учебных заведений.

5. Порядок деятельности государственных экспертно-квалификационных комиссий определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

10) в статье 18:

а) слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

б) часть 2 признать утратившей силу;

11) часть 3 статьи 19 дополнить пунктом 4 следующего содержания:

«4) сообщать кому-либо о результатах судебной экспертизы, за исключением органа (лица), ее назначившего.»;

12) в статье 21:

а) в части 2:

- в пункте 2 слова «уголовного, гражданского и административного» исключить;

- в пункте 6 слова «, объяснения, предложения» исключить;

б) пункт 1 части 3 изложить в следующей редакции:

«1) принять к производству судебную экспертизу, порученную ему руководителем соответствующей судебно-экспертной организации или органом (лицом), ее назначившим;»;

13) в статье 22:

а) в части 2 слово «, административной» исключить;

б) в части 3 слова «может быть лишен» заменить словом «лишается»;

14) в наименовании статьи 24 слова «в судебно-экспертной организации» исключить;

15) в статье 27:

а) в части 3 слова «и производство» заменить словом «производства»;

б) предложение четвертое части 5 исключить;

16) в абзаце третьем части 4 статьи 29 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

17) пункт 1 части 1 статьи 30 признать утратившим силу;

18) в части 1 статьи 31:

а) в пункте 2 слова «, о чем сразу уведомляется орган (лицо), назначивший судебную экспертизу» исключить;

б) часть дополнить пунктом 4 следующего содержания:

«4) если поставленный вопрос выходит за пределы специальных знаний судебного эксперта.»;

19) в статье 33:

а) в части 2 слова «вправе оказывать услуги» заменить словами «вправе на договорной основе оказывать услуги»;

б) в части 3 слово «иными» заменить словом «негосударственными»;

20) в части 2 статьи 34 слова «государственные судебно-экспертные организации» заменить словами «уполномоченные государственные органы»;

21) в части 2 статьи 35 слова «по делам предметов, являвшихся вещественными доказательствами,» заменить словами «экспертизы исследуемых объектов».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 10 апреля 2023 года, №83***

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ПЕРЕИМЕНОВАНИИ КОШ-ДОБОНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА КОЧКОРСКОГО РАЙОНА НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ, НЕКОТОРЫХ СЕЛ ОШСКОЙ И ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЕЙ И КАРА-БУУРИНСКОГО РАЙОНА ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 22 февраля 2023 года*

**Статья 1**


1) государственное регулирование цен, включая контроль за соблюдением хозяйствующими субъектами правил конкуренции и ценообразования;

2) контроль за применением хозяйствующими субъектами регулируемых цен (тарифов), соблюдением ими установленного порядка применения цен (тарифов), исполнением предписаний об устранении выявленных нарушений;

3) мониторинг цен.

**Статья 11. Полномочия органов местного самоуправления**

Органы местного самоуправления осуществляют государственное регулирование цен в соответствии с полномочиями, установленными законодательством Кыргызской Республики о местной государственной администрации и органах местного самоуправления и законодательством об автомобильном транспорте.

**Статья 12. Права и обязанности хозяйствующих субъектов**

1. Хозяйствующие субъекты имеют право:

1) самостоятельно или по согласованию с покупателем установить цену (тариф) на товар (работу, услугу), торговую (посредническую) надбавку (скидку), если в отношении их в соответствии с законодательством не применяется государственное регулирование цен;

2) обжаловать в порядке, установленном законодательством об основах административной деятельности и административных процедурах, решения, принятые в отношении их уполномоченными органами, органами местного самоуправления, а также их должностными лицами с нарушением законодательства о ценообразовании.

2. Хозяйствующие субъекты обязаны:

1) выполнять решения уполномоченных органов, принятые в пределах их полномочий, установленных настоящим Законом;

2) соблюдать порядок ценообразования, а также порядок исчисления затрат, относимых на себестоимость, учитывать в полном объеме включаемые в цену (тариф) налоги и другие обязательные платежи, предусмотренные налоговым и страховым законодательством Кыргызской Республики, не допускать нарушения установленных соответствующими уполномоченными органами регулируемых цен (тарифов) и действующего порядка их регулирования, определенного настоящим Законом;

3) предоставлять уполномоченному органу полную и достоверную информацию, необходимую для регулирования цен (тарифов) и контроля за соблюдением порядка ценообразования, установленного настоящим Законом;

4) при самостоятельном выявлении нарушения установленного порядка ценообразования принять все необходимые меры для его устранения.

**Статья 13. Контроль за соблюдением законодательства о ценообразовании**

1. Государственный контроль (надзор) за ценообразованием предназначен для предупреждения, выявления и пресечения нарушений, связанных с неправомерностью и необоснованностью установления, изменения и применения цен (тарифов), и осуществляется в соответствии с законодательством, регламентирующим порядок проведения проверок субъектов предпринимательства.

2. Государственное наблюдение в сфере ценообразования осуществляется путем проведения мониторинга свободных и регулируемых цен (тарифов).

**Статья 14. Ответственность хозяйствующих субъектов, должностных лиц уполномоченных органов, органов местного самоуправления, осуществляющих регулирование и контроль ценообразования, за нарушение законодательства о ценообразовании**

Хозяйствующие субъекты, должностные лица уполномоченных органов, органов местного самоуправления, осуществляющих в соответствии с полномочиями регулирование и контроль ценообразования, несут ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики о правонарушениях.

**Статья 15. Порядок вступления в силу настоящего Закона**

1. Настоящий Закон вступает в силу по истечении трех месяцев со дня официального опубликования.

2. Кабинету Министров Кыргызской Республики в трехмесячный срок привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

3. Признать утратившими силу:

1) абзац девятый статьи 2, части третью, четвертую, пятую статьи 11 Закона Кыргызской Республики «О внутренней торговле в Кыргызской Республике» от 20 марта 2002 года №40 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики 2002 г., №5, ст. 199);

2) абзацы третий и четвертый пункта 8 статьи 1 Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «О внутренней торговле в Кыргызской Республике» от 24 апреля 2013 года №58 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2013 г., №4, ст. 328);

3) статью 2 Закона Кыргызской Республики «О внесении дополнений и изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики» от 21 января 2015 года №22 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики 2015 г., №1, ст. 22);

4) статью 3 Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики» от 13 августа 2015 года №225 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2015 г., №7, ст. 1028).

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 11 апреля 2023 года, №87***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

МААРАКЕГЕ КАРАЙ

Сот бийлигинде көп жылдан бери иштеп келе жаткан Нүргүл айым менен маек эч жасалмасыз, жандуу маанайда уланды. Биз көпкө сыр түйүнүн чечкенге аракет кылдык. Каарманым да жакшы маанайда көңүлү көлкүп, чын ыкластан түрдүү багыттагы соболдоруна жооп узата отурду. Баса, Нүргүл айым 22-апрелде 50 жашка чыкмакчы. Кут болсун!



## КР Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Нүргүл БАКИРОВА:

# “БАКТЫМА ГОРБАЧЕВ, М КУЛМАТОВ, ТАСМАГАМБ МЕНЕН БААРЛАШУУ БУ

**- Нүргүл Жакыповна, эр ортону элүү жашты чамалаган чагыңызда сиз менен жасалмасыз, жандуу маанайда маектешип, көңүлүңүздөгү ойду тапканга аракет кылсам дейм. Бул жагына өзүңүз деле каршы эмес чыгаарсыз. Эмесе, ак дилден аңгеме-дүкөн куруу ниетиме чын жүрөктөн ортоктош боло аласызбы?**

- Албетте, маектин ачык болушун, чын ыкластан берилген суроолорго жасалмасыз маанайда жооп узатканга аракет кылуууну өзүм да жактайм. Андыктан, кандай собол болсо да даярмын.

**- Чыгыштын улуу акылманы Саадинин “бала кездеги илимиң – таш бетине чегилген сүрөт сыңары” - деген таамай кеби бар. Балалык доордогу, кийин бой жеткендеги илим-билим турмушта сизге кандай канат боло алды? Балким бул жагын түшүнүктүү кылып чечмелеп коёрсуз...**

- Ар бир адам өзүнүн дараметин, кудуретин, алган билимин, тажрыйбасын кичинесинен тарта топтойт эмеспи. Мен 1973-жылы 22-апрелде Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Отуз-Адыр айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулгам. Атам Жакып Бакиров кесиби боюнча зоотехник, көп жылдар бою канаттуулар фабрикасында жетекчилик кызматтарда иштеп жүрдү. Апам Бакирова Айпери да кесиби боюнча ветеринардык дарыгер. Учурда ардактуу эс алуудагы кутман кары. Бир тууган агам Бакиров Талантбек 2011-жылы 46 жашында дүйнөдөн кайтты. Биз 3 кызбыз. Эжем соода тармагында эмгектенсе, сиңдим мамлекеттик кызматта эмгектенет. Наристе чагымдан алгач бала бакчага, андан соң 1980-жылы биздин Отуз-Адыр айылындагы Н.К.Крупская атындагы мектептин босогосун аттагам. 1-классымдан алгачкы “А” тамгасын үйрөтүү Оморова Сонайым аттуу мугалим эжейимдин шыбагасына туш болду. Эсимде, 1-класстагы Алиппе китебинде В.И.Ульянов аттуу текст бар эле. Текстин мазмунунда В.Ульяновдун мектепти жакшы окуп, алтын медаль менен аяктагандыгы камтылган. Негедир ошол текст мага абдан катуу таасир берген. Кайра-кайра текстти окуган соң “мен дагы келечекте Ульяновдой мектепти алтын медаль менен аяктасам” - деген изги тилекти көкүрөгүмө түйүп алдым. Ошондуктанбы, тээ мектептеги кездеп эле китепти окуганда бардык нерсени унутуп, берилүү менен зор ынтаа коюп окучумун. Ишенсеңер, башталгыч класстагы мугалимим Сонайым Оморова өзү бир жакка иш менен чыгып кеткенде класстты мага башкартып койчу. Азыр классташтарым ара-тородо жолуга калышканда “сен бизге кичинекейинден эле мугалим болгонсуң” - деп калышат.

**- Демек, сизде башталгыч классыңыздан тарта эле лидерлик сапаттар байкалган экен да...**

- Ооба. Азыр ойлосом 2-3-класстан тарта эле өзүм менен чогуу бир партада окуган классташтарымдын текшерүү иш, жат жазуу өңдүү өздүк иштерин текшерчү экенмин. Класс жетекчим Сонайым эжем да менин идирегимди байкагандыктанбы, мага кадимкидей ишеним артып, балдарды окуттуруп, башкартып коёр эле. 2-классымдан пионерге өттүм. Ошондон тарта коомдук иштерге кызыгуум өстү. Өзүм 22-апрелде Лениндин туулган күнүндө төрөлгөм. Дал ушул датада пионерге өткөм. Бул жагы да өзүнчө бир кызык. 3-классымдан тарта Дружина советине өтүп, төрагасы да болуп калдым. 22-апрель, 19-майда жеткинчектерди пионердин катарына кабыл алып, кадыресе коомдук иштерге активдүү аралаша баштадым. Баштагы билим алуу боюнча соболуң менен унутта калып бараткан көп нерсени эстетип жатасың. Жогоруда айттым го, атам зоотехник, апам мал дарыгери болгондугун. Ошондуктанбы, биз үйгө мал кармайт элек. Короодо мал турса, ата-эне баланы эмгекке бышырат тура. Мектептен келээрим менен үйдөгү көп жумуштарга аралашпай китеп окугум келет. Мындай шартта ойлонуп, ата-энеме талаага кой кайтаруу сунушумду киргиздим. Ата-энем да сунушума каршы болгон жок. Ошондон тарта бир баштыкка толо китеп, экинчисине тамак-аш салып алып талаага жөнөп, кой кайтарып, ага удаа китеп окуп жүрдүм. Ч.Айтматовдун чыгармаларын 3-классымда эле окуп бүткөнүмө азыр айрымдар ишенбейт болуш керек. Ошентип, 12 жашымда мени мөөнөтүнөн мурда комсомолдун катарына кабыл алышты. Ошондон тарта райондогу, облустагы комсомолдун райкомпартия менен өткөргөн жыйындарында сөз сүйлөп баштадым.

**- 12 жаштагы секелек кыз андай чоң чогулуштарда эмнени сүйлөгөндүгү азыр мага таң калычтуу болуп жатат...**

- Өзүмдүн көз-караш, оймүдөөмдү айтуу менен катар комсомолдун кандай болушу керектигин, келечегин камтыган сөздөрүмдү сүйлөп жүрдүм. Андагы баш калаа Фрунзеге чейин комсомолдун съезддерине келип, жалындуу сүйлөгөн учурумдун баарын азыр эстеттиң, иним. Кийин Москвага ВЛКСМдын 21-съездине барганымды азыр сыймыктануу менен айта алам.

**- Мектеп курагындагы кичинекей эселек кызды ошондой чоң жактарга ким сунуштап, ким алып барып жүрдү деги? Бул жагы кызыгууну туудурат да чынында...**

- Мектеп курагындагы секелек кыз экениме карабай, мени баласынтып басынтпай, дараметимди көтөрүүгө насаатчы болгондорду жөн гана сыймыктануу менен атай алам. Мен мектепте окуп жүргөндө андагы райком комсомолдун 1-катчысы Нургазы Айдаров, райком партиянын 1-катчысы Камбаралы Узаков, 2-катчысы Абдыкапар Шүкүров, Ош обком комсомолунун 1-катчысы Аликбек Жекшенкулов, БК ЛКСМдин 1-катчысы Тыныбек Табалдиев, анан албетте, обком партиянын 1-катчысы айтылуу Ренат Кулматов сыяктуу үлкөн адамдардан көп насаат алдым. 6-класста окуп жүргөн кезимде Фрунзедеги Кыргызддрамтеатрында өткөн комсомолдун конференциясына келип калдык. Ошондо мен Ренат Сатарович Кулматов менен катарлаш отуруп калыпмын. Сүйлөп трибунадан түшкөнүмдөн кийин мени аябай карап, “кызым, сен Кара-Суудан келдиңби?” - деп өзгөчө көңүл буруп, сүйлөшкөнү азыр да эсимде. Улуу кишинин улуулугун карабайсыңбы, конференция бүткөн соң драмтеатрдын фойесинен мага “Манас” деген шоколад алып берип, бир топко сөзгө тартып, идирегимди байкаган экен. Кийин биздин мектепке жолугушууга келгенде мен жөнүндө абдан жакшы сөздөрдү айтканы азыр да көкүрөгүмдө жылуу сакталып калыптыр. Дагы бир кызыкты айтайынчы сага. Кадимки Абсамат Масалиев менен да бир нече жолу сүйлөшүп калганым өзүнчө бир кызык.

**- Сиз мектеп окуучусу болуп туруп, улам бир үлкөн менен кантип сүйлөшө калганыңыз мага да кызык маанай жаратууда...**

- Бул залкар киши Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы кезинде жаңылбасам 4-5 ирет жолуккам. Айттым го, мен анда окуучу курактa болчумун. Азыркы Ак үйдүн 7-кабатында отурчу. Улуу кишинин улуулугуна, а эң башкысы жөнөкөйлүгүнө ар бир жолугушкан сайын таасирленип, ушунчалык тан бергем. Мектептеги кезде өлкөбүздүн атынан Ташкенттеги, Ленинграддагы, Москвадагы жаштардын форумуна катышып жүрдүм. Ошондой форумдарга барардын астында сөзсүз Абсамат Масалиевичке, Ренат Сатаровичке кирип, ал кишилердин жол көрсөтүүлөрүн, насаатарын угуп жөнөчүбүз. Мындай көрүнүш ал убакта салт болуп калган. Ошондой убакта аты аталган залкар инсандар менен сүйлөшүп, суроо берип, жакындан таанышуу бактысы менин мектептеги курагыма дал келген. Азыр ойлосом кичинемде тайманбас, өткүр



Өзбекстандын Олий Межилисинин Сенатынын Төрайымы Нарбаева Танзила Камаловна менен

# …МАСАЛИЕВ, …БЕТОВ, АКАЕВ …ЮРДУ”

экенмин. Жаш өйдөлөгөн сайын курчтуктун мизи кайта баштайт тура (күлүп). 1990-жылы Москвага съездге барып калдык. Азыркы Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров ал убакта Политехникалык университеттин комсомол уюмунун катчысы болчу. Акылбек Үсөнбекович менен ал съездге бирге бардык. Съездде жалындуу сүйлөгөнүм азыр да эсимде. Москвадагы дал ошол жыйында М.С.Горбачев менен кол алышканымды, Казакстандын саясий ишмери Имангали Тасмагамбетов менен таанышканымды, 1995-жылы жогорку окуу жайын кызыл диплом менен аяктап жатып, Ысык-Көл форумунда дипломумду ошол учурдагы президент Аскар Акаевдин колунан алгандыгымды күнү бүгүнкүдөй эстейм. Мунун баары өздүк архивдерде, сүрөттөрдө сакталуу...

**- Өзгөчө кайсы сабакка ынтаа коюп берилүү менен окудуңуз?**

- Көбүнчө гуманитардык багыттагы сабактарды жантыгыраак жата калып окудум. Өзгөчө орус тили сабагынан, физикадан кезегинде олимпиадаларга катышып, алдыңкы орундарды камсыз кылып жүрдүм. Мектептеги жакшы окуган үлгүлүү жүрүш-турушумдун арты менен бүткүл союздагы эл аралык балдар лагери болгон Артекке да баргам. 9-класcымдан укук таануу сабагынан райондук, облустук, алтургай республикалык олимпиадага чейин келип, бардыгынан 1-орунду камсыз кылып кеткеним окуучулук кездеги эсте калган ирмем катары азыр да көз алдыма элестейт.

**- Укук таануу сабагынан камчы салдырбаган жүрүшүңүз келечектеги сот кызматкери болушуңузга оң таасирин тийгизген тура анда ээ?**

- Бир эседен ал жагы, бир жагынан мен мектепте окуп жүргөндө айтылуу Чолпон Баекованын жылдызы жанып турган кез эле. Ошол кезде ыраматылык, бейиши болгур алтын атам мени негедир “менин кызым келечекте Баекова болот” - дей берчү. Мына ушундай жагдайлардан уламбы айтор, тагдыр мени укук таануу тармагын тандап, адамдардын тагдырын чечүү жагына аралаштырганга түрттү окшойт деп ойлойм. 1990-жылы мектепти алтын медаль менен аяктап, ошол эле жылы республикалык олимпиадаларда биринчиликти камсыз кылып жүргөн жүрүшүм менен Улуттук университеттин юридикалык факультетине эч кандай сынаксыз кабыл алынгам.

**- Эртеден бери кебиңизди тыңдасам бактыңызга өңчөй залкар инсандар менен баарлашуу, айрымдары менен иштешүү бактысы буюруптур. Бул жагын кандайча чечмелей аласыз?**

- Негизи менин жеке жашоомдо, маңдайга жазган буйрук тагдырымда күчтүү лидерлер менен баарлашып, аларга таасирленип, “ырыс оошот, акыл жугушат” – дегендей залкар инсандардын кандайдыр бир жакшы сапаттарын өзүмө сиңирип алууга жан үрөйм. Ар бир адамга Кудай Таалам өзүнүн аракетине жараша дөөлөт, кызмат берет. Биз убагында көп нерселерди баалабайт экенбиз. Азыр кезегинде залкар инсандар менен баарлашып, жолугушуп, күчтүү сабак алган экенмин деп ойлойм. Мен бул адамдарды дайыма эстеп, өмүр бою унутпай жүрөм.

**- Студенттик күндөрдүн кереметине эч нерсе тең келбейт эмеспи. Ал жагы өзүнчө бир тарых дегендей. Улуттук университеттеги студенттик күндөрдү кандай эскерет элеңиз?**

- Өзүң айткандай студенттик күндөрдүн кереметине не жетсин! 1990-жылы университеттин юридикалык факультетине тапшырганымда ал жактын профессордук окутуучулук курамы абдан күчтүү болчу. Азыр ойлосом катуу талап менен бизди окутушкан экен. 1-курска сынаксыз кабыл алынган кыздын деңгээли ушуга ылайыктуу бекен деген мугалимдердин сыноосу менен мен алардын көңүл борборунда болдум. Ж.Саткеева, С.Сатыбеков, Ж.Сабырова, К.Асаналиев, Алымкулов, Токтобаев өңдүү бир катар юридика илимдеринин корифейлери бизге сабак беришер эле. Булардын көбүнүн көзү өтүп кетти.

**- Ургаачы жанга 3 жагынан (күйөөдөн, бала-бакырадан, төркүндөн) бак айтса, кыздын бакыты ошол дешет. Жараткан сизди дал ушул 3 бакыттан өксүү кылган жокпу?**

- Студент кезде жатаканада 4 кыз чогуу жашап калдык. 2-курста Асел аттуу 1-курстагы кыз бизге кошулуп калды. Ошол Аселдин бир тууган бөлөсү ара-тородо бизге келип, таанышып калды. Таанышуудан көп өтпөй ал жигит негедир биздин жатакана жакка көп каттай баштады. Алгач достук мамиледе жакшы баарлашып, киного барып, биз менен сыр билгизбей жүргөн. Акыры баягы жигитин сезими ачыкталып, биз бирибирибизди түшүнүп, 4 жылга жакын кыз-жигит болуп жүрүп үйлөндүк. Кудайга миң мертебе шүгүр келтирем, жолдошум аябай түшүнүктүү. Өзүм түштүктүн кызы болгонум менен кайын журтум Чүйдүн Ысык-Ата районунан болот. Жолдошум экөөбүзгө Жараткан 2 уул, 1 кызды берди. Уулдарым экөө тең үйлөнүшүп, чоң турмуштан ордун таап кетишти. Кызым менин чыйырымды тандап, учурда юридика багытында 2-курстун студенти. Төркүнүм Кудайга шүгүр жакшы. Башта айтканымдай эжем, сиңдим жана апам бар. Туугандарымдын бардыгы менен байланышып турам. Айтканга оңой болгону менен аял кишиге бир убакта карьера менен үй-бүлөнү алып кетиш абдан оор. Ким бирөөнүн “меникиндей үй-бүлөнү жасаш үчүн ошончо жылдык өмүрүм менен мээнетим кеткен. Мен каалагандай



Түркиянын Президенти Режеп Тайип Эрдоган менен

үй-бүлөнү кура алдым” деген жакшы сөзү бар эмеспи. Өзүң каалагандай үй-бүлө, жолдош, кайын журт күтүү, жумуш менен үй-бүлөнү бирдей алкакта алып кетүү оңой нерсе эмес. Сөздүн ток этери мендеги баары үчүн Кудайга миң мертебе шүгүр кылам.

**- Бүгүнкүдөй даражага, Жогорку Соттун төрайымдыгына дейре секирик жасаган саясий карьераңызга, түндүгүңүздү көтөргөнгө себепчи болгон каарман деп кимдир-бирөөнү баса белгилеп көрсөтө аласызбы?**

- Жашоодо мага даяр эч нерсе келген жок. Элүү жаштын кырына келгичекти эмнеге жетишип, эмнеден кем-карч болгонумду, келечекте дагы кайсы иштерге жетишишим керектигине саресеп салып отурам. Жашоодо кимдир бирөөнү эт-бетимден кетип туу тутуп, дал ушундай болом деп таасирленген каарманым деле болгон жок. Бул аралыкка чейин кимдир бирөө образдуу салыштырганда алдыма даяр иш, даяр ашты койгон жок. Тээ мектептен тарта адал мээнет менен тытынып, тынбаган аракет кылып, дал бүгүнкүдөй бийиктиктерге жетиштим.

**- “Сапёр бир гана жаңылат” дешет. А сотторчу? Адамдын бүтүндөй тагдырына таасир этип, көп убакта каалагандай калчап койгон соттор канча ирет жаңылат болду экен?..**

- Бул абдан оор суроо. Жогорку Соттун төрайымы кезимде же азыр деле төраганын орун басары катары кесиптештериме “адамды сындырып же өлтүрүп коюш бат эле. Хирург жаза басып, бейтапка карата туура эмес иш кылып алса ал адам операциядан чыкпай калышы мүмкүн. Эгерде сот адамдын тагдырын туура эмес чечип койсо, мындай чечим менен ал адамды моралдык жактан өлтүрүп койгонго барабар” - деп көп айтам. Бир акылдуу адамдын “бир күнөөсүз адамды күнөөлүү деп тапкан, жүз күнөөлүү адамды күнөөсүз деп тапкандан да оор” - деген экен. Анығында Кудай гана адамды жазалай алат. Ырас, Жараткан бешенеңе адамдардын тагдырын чечүү вазыйпасын ыроологон соң, ушул миссиядан адашпай, жаңылбаш керек. Биз эми мусулманбыз, акыретти ойлошубуз керек да, туурабы? Эгерде жаңылыштыкка жол берсек, Кудайдын сотунан кайда качабыз? Адамдын тагдырын чечип жатканда өтө ойлонуп, миң толгонуп, уйку качып, кыйналып чыккан күндөрүм болгон. Андыктан, Жараткан өзгөчө тагдыр чечер маалда түз жолунан адашкылык кылбасын деп бассамтурсам Кудайдан тиленгеним тиленген. Иш боюнча ойлонуп калган убактарда “мен ушул адамдын тагдырын туура эмес чечип койдум да, аттиң” – деген ичте өкүт боло элек жана келечекте да болбой эле койсо дейм!

**- Иш боюнча кызыктуу, ар кандай жагдайлар болуп калат эмеспи. Сиздин эсиңизде калган ирмемдер да болгондур...**

- Эсимде, соттун чоң катасынын айынан (ал кесиптешимдин аты-жөнүн айтпай эле коёюн) менин кароомо бир иш келип түштү. Ал кесиптешим адам өлтүрүү боюнча эки адамга ар бирине 15 жылдык оор жаза ыйгарат. Ошондой 15 жылдык оор жаза алган ал экөө 5-6 жыл отурган соң адамды өлтүргөн чыныгы кылмышкерлер кармалып жатпайбы? Мындай шартта камакта 5 жылдап отурган эки адамдын моралдык, материалдык кеменитесин өндүрүү менин шыбагама туш келген. Ишти карап, береги эки жаранызыбздын түрмөдө 6 жылга чукул убактысы корогонун көрүп, экөөнүн тагдырын каалагандай калчаган кесиптешиме абдан ачуум келген. Ал экөөнө канчалык моралдык-материалдык чыгым өндүрүлгөн күндө деле эч качан булардын түрмөдө көргөн кыйынчылыгын, азаптуу күндөрүн эч ким кайтарып бере албайт. “Бычакты адеп өзүңө ур, оорубаса анда башкага ур” – деп айтылгандай, адамдын тагдырын чечүүдө өтө астейдил мамиле керек.

**- Дегеле бул жалган жашоодо өзүңүзгө бапестеп кандай эстелик тургузсам дейсиз?**

- Эстелик болгондо кандай? Артыңа жакшы из калтырсаң, ишиң менен кийинки муунга үлгү болсоң, кай багыт болбосун үлгүлүү жүрүш-турушка ээ болсоң, үй-бүлөнүн очогун сактап, ыймандуу, илим-билимдүү балдарды тарбиялап чыксаң ушунун өзү эстелик эмеспи. Убагында улуттук университетте, кийин ОшМУда, КЭУда сабак берип, мугалим болуп жүрдүм. Учурда ошондо окуткан студенттеримдин бир канчасы сот, көпчүлүгү прокурор, айрымдары милиция, кээлери аткаруу бийлигинин кызматкерлери катары ара-тородо, майрамдарда учурашып, салам-дубай айтып калышса, төбөм көккө жетип, ыраазы болуп калам. Ушунун өзү эстелик эмей эмне?

**- Эртеден бери кебиңизди тыңдасам эркектин улуу жолун сыйлаган, астыдагы “креслонузга” таянып, кыя өтпөгөн жүрүшүңүзгө баа бердим. Балким ушундай үлгүлүү изиңиз үчүн өмүрлүк жолдошуңуз карьералык жактан өсүшүңүзгө жөлөк-таяк болгонбу деп ойлоп коём...**

- Эң туура! Жолдошум экөөбүздүн турмуш курганыбызга 30 жылга чукулдады. Бул аралыкта ысык-суукта, турмуштун ар кандай жагдайларында арабаны бирге тарттык. Ортодо казан-аяктар да кагышпай койгон жок. Алдыда да Кудай буюрса чоң ашуулар турат. Жолдошумдун колдоосу болгону үчүн ушундай карьера жасадым да. Андыктан, мен кайрадан 18 жашта болсом деле азыркы жолдошумду тандамакмын. Себеби, мен бактылуумун! Аял кишинин карьера жасашына, коомдогу өзүнүн ордун табышы биздин менталитетке байланыштуу өтө оор нерсе. Биздин коом “кылт этип” ката кетирген эркекти кечирет. Мейли эми “эркекчилик кылыптыр” да дешип. А аялды эгерим кечирбейт! “Кызга кырк үйдөн тыюу” деген сыяктуу кыздарыбызга көп нерсеге кичинесинен тыю салынат. Бул биздин салтыбыз. Андыктан, мыйзам менен салтыбызды эриш-аркак дайым бирге алып жүрүү абзел.

**- Кезегинде Жогорку Сотту башкарган Курманбек Осмонов менен Конституциялык соттун төрайымы болгон Чолпон Баекованын кубулжута обон созушканы басма сөз кызматкерлерине гана эмес, жумурай-журтка белгилүү. Жараткан сизге мыйзам семичкедей чаккандан башка кандай өнөрдү ыроолоптур?**

- Өзүмдү укмуш ырчыбийчимин деп айта албайм. Күндүз кечке креслодо каккан казыктай отура бергенгеби, кечки тамактан соң жолдошум экөөбүз музыка коюп бийлейбиз. Ырдаганды албетте, жакшы көрөм. Тар чөйрөдө, жакын адамдарым менен отурганда ырдап коём. Балалык кезимде ыр жазганга “чымыным” бар эле. Мектепте кезде эне жөнүндө ыр жазып, жетим балдар жөнүндө повесть жазган элем. Ошол чыгармамдын негизинде кино тартуу балалык кыялымдын бири бойдон калып калды.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫ, ФИЛИАЛДАРДЫ (ӨКҮЛЧҮЛҮКТӨРДҮ) МАМЛЕКЕТТИК КАТТООНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 86-98-статьяларына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги белгиленген тартипте ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыялоого тийиш жана 2023-жылдын 3-апрелинен тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 31-марты, №178***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 16-ЯНВАРЫНДАГЫ №20 "РЕГИОНДОРДУ ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДДОРУ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз „Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 20-февралындагы №29 "Бир айыл - бир продукт" улуттук экономикалык долбоору жөнүндө" Жарлыгынын 2-пунктунун 4-абзацын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 34-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-январындагы №20 "Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1-пунктта:

1) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 1-тиркемеси 1-тиркемеге ылайык редакцияда баяндалсын;

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 4-тиркемеси 2-тиркемеге ылайык редакцияда баяндалсын;

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 5-тиркемеси 3-тиркемеге ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 6-апрели, №187***

## ШВЕЙЦАРИЯ КОНФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН ЖЕНЕВА ШААРЫНДАГЫ ДҮЙНӨЛҮК СООДА УЮМУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНИН ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Дүйнөлүк соода уюмунун (мындан ары - ДСУ) макулдашууларын аткаруу боюнча ДСУнун алкагында Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык ишин активдештирүү жана ДСУнун алдында Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин сактоону камсыз кылуу, анын ичинде 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимге кошулуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын тарифтик милдеттенмелерин өзгөртүү боюнча ДСУнун мүчө өлкөлөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Швейцария Конфедерациясынын Женева шаарындагы Дүйнөлүк соода уюмунун маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин өкүлчүлүгү жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 23-июнундагы №374 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дүйнөлүк Соода Уюмунун маселелери боюнча ведомстволор аралык комиссия жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- Дүйнөлүк Соода Уюму менен макулдашууларды жана Кыргыз Республикасынын ДСУнун алдындагы милдеттенмелерин аткаруу боюнча министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана администрациялык ведомстволордун жоопкерчиликтерин бөлүштүрүү жөнүндө жобонун 1-пунктунун үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дүйнөлүк Соода Уюмунун маселелери боюнча ведомстволор аралык комиссия жөнүндө жобонун 6-пунктунун он биринчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 6-апрели, №190***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ишин оптималдаштыруу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 23-июнундагы №348-т тескемеси менен түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик башкаруу системасын реформалоо боюнча координациялык кеңештин жыйналышынын протоколун ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги №115 «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин маселелери жөнүндө» Жарлыгынын 6-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинен Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин карамагына тиешелүү штаты, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен төмөнкүлөр өткөрүп берилсин:

- туризм чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функциялар;

- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Туризм департаменти, аны Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Туризм департаменти деп кайра атоо менен.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-ноябрындагы №242 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы бекитилгендигине байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 1-пункттун 1-пунктчасындагы «тиешелүү штаты, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен туризм чөйрөсүндөгү функцияларды Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине өткөрүп берүү менен» деген сөздөр алып салынсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №250 «Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жөнүндө жободо:

- 1-пункттун 1-пунктчасында:

экинчи абзацтагы «, инвестициялык» деген сөздөр алып салынсын;

алтынчы, он бешинчи абзацтар күчүн жоготту деп таанылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы он сегизинчи абзац менен толуктасын:

«- туризм;»;

-11-пунктта:

6-пунктчадагы «өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жана» деген сөздөр алып салынсын;

7-пунктчанын экинчи абзацындагы «, инвестициялык» деген сөздөр алып салынсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 10-пунктча менен толуктасын:

«10) туризм чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.»;

- 12-пунктта:

1-пунктчанын он экинчи, он үчүнчү, жыйырма сегизинчи, жыйырма тогузунчу, отуз жетинчи, кыркынчы абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

2-пунктчада:

он сегизинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

жыйырманчы абзацтагы «инвестициялык, программалык» деген сөздөр алып салынсын;

төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма жетинчи - жыйырма тогузунчу абзацтар менен толуктасын:

«- республикадагы туризмдин абалын изилдейт, жалпылайт жана талдайт, Кыргызстанда туризмди өнүктүрүүнүн негизги стратегиялык багыттарын аныктайт;

- туризмди өнүктүрүүнүн негизги тенденцияларына жана багыттарына комплекстүү талдоо жана болжолдоолорду жүргүзөт;

- туристтик объекттердин абалына, аларды сарамжалдуу пайдаланууга, сактоого жана калыбына келтирүүгө мониторинг жүргүзөт;»;

3-пунктчада:

жыйырма биринчи абзацтагы «инвестициялык, программалык» деген сөздөр алып салынсын;

жыйырма бешинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

5-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы он алтынчы - он тогузунчу абзацтар менен толуктасын:

«- туризмди өнүктүрүүгө чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу боюнча сунуштарды даярдайт жана туризм тармагына чет өлкөлүк капиталдын агылып келиши үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча сунуштарды киргизет;

- Кыргыз Республикасынын аймагында туризм чөйрөсүндө иш жүргүзгөн юридикалык жана жеке жактар тарабынан ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоо маселелери боюнча маалыматтык, методикалык жана консультациялык жардам көрсөтөт;

- республиканын туристтик уюмдарына инвестицияларды тартуу үчүн туризм чөйрөсүндө алардын бизнес-долбоорлорун илгерилетүүдө, чет өлкөлүк өнөктөштөр менен инвестициялык байланыштарды өнүктүрүүдө көмөк көрсөтөт;

- туристтик кызмат көрсөтүүлөр рыногунда атаандаштыкты өнүктүрүүгө жана туристтик иштин бардык субъекттери үчүн бирдей шарттарды түзүүгө көмөк көрсөтөт.»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №251 «Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункттун 5-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги жөнүндө жободо:

- 1, 8-пункттардагы, 11-пункттун экинчи абзацындагы «, туризм» деген сөздөр алып салынсын;

- 9-пунктта:

1-пунктчадагы «, туризм» деген сөздөр алып салынсын;

5-7-пунктчалар күчүн жоготту деп таанылсын;

- 10-пунктта:

1-пунктчанын үчүнчү абзацындагы «, туризм» деген сөздөр алып салынсын;

3-пунктчанын элүү үчүнчү - элүү алтынчы абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

5-пунктчанын үчүнчү, алтынчы, жетинчи абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин башкаруу схемасында:

- "Туризм департаменти" позициясы алып салынсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 2-пункттагы «578», «118», «316», «74» деген цифралар тиешелүү түрдө «589», «121», «327», «77» деген цифраларга алмаштырылсын;

- 11-пункттагы «410», «86», «181», «44» деген цифралар тиешелүү түрдө «399», «83», «170», «41» деген цифраларга алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтомдун 5-тиркемесинде:

- 2-пункттагы «6» деген цифра «7» деген цифрага алмаштырылсын;

- 11-пункттагы «6» деген цифра «5» деген цифрага алмаштырылсын;

- жогоруда аталган тиркеменин эскертүүсүндөгү 2-пунктта:

1-пунктчанын үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 7-пунктча менен толуктасын:

«7) Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министринин бир орун басары Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Туризм департаментинин директору болуп санала тургандыгы.».

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 «Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 17-пунктча менен толуктасын:

«17) Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Туризм департаменти жөнүндө жобо 17-тиркемеге ылайык.»;

2) ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакциядагы 17-тиркеме менен толуктасын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №702 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 4-пункттун 2-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**8.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Туризм департаменти белгиленген тартипте:

1) бир айлык мөөнөттө түзүмүн жана штаттык расписаниесин ушул токтомго ылайык келтирсин;

2) ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**9.** Бул токтом бекитилген штаттык сандын жана тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде ишке ашырылат деп белгиленсин.

**10.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 6-апрели, №189***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫНА КАРАШТУУ "КЫРГЫЗСТАН ЖАНА АЗЕРБАЙЖАН ДОСТУГУ СЕЙИЛ БАГЫ" МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргызстан жана Азербайжан достугу сейил багын натыйжалуу башкаруу, ошондой эле аймагын абаттоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кыргызстан жана Азербайжан достук сейил багы" мамлекеттик ишканасы (мындан ары - мамлекеттик ишкана) түзүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы белгиленген тартипте:

- мамлекеттик ишкананын Уставын бекитсин;
- мамлекеттик ишкананы юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрсүн;
- ушул токтомдон келип чыгуучу башка зарыл болгон чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруунун контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 6-апрели, №191***

## БАССЕЙНДИК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин 10-статьясына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бассейндик кеңеш жөнүндө типтүү жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 6-апрели, №193***

## МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИК ОБЪЕКТТЕРИН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНЫНЫН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИГИНЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик мүлктү натыйжалуу пайдалануу максатында, «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-статьясына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Кочкор районундагы Кочкор айылдык кеңешинин 2023-жылдын 21-февралындагы №25/2 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Кочкор районундагы Теңдик айылында жайгашкан мамлекеттик менчиктин төмөнкү объекттери Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Кочкор районундагы Кочкор айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине өткөрүлүп берилсин:

| Өткөрүлүп берилүүчү мамлекеттик мүлктүн аталышы | Кыймылсыз мүлктүн коду | Аянты, кв. м. | Баланстык наркы, миң сом |
|---|---|---|---|
| Административдик имарат | 4-04-03-1003-0922 | 16200 | 95,9 |
| Техникалык тейлөө пункту (азыр мал базары) | 4-04-03-1003-0175 | 31470 | 29,1 |

**2.** Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик менен биргеликте белгиленген тартипте жогоруда көрсөтүлгөн объекттерди Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Кочкор районундагы Кочкор айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине өткөрүп берсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Кочкор районундагы Кочкор айыл өкмөтүнө белгиленген тартипте төмөнкүлөр сунуштсалсын:

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн өткөрүлүп берилүүчү объекттерди муниципалдык менчикке кабыл алуу жана сакталышын камсыз кылууу;
- өткөрүлүп берилүүчү объекттерди максаттуу багыты боюнча пайдаланууу;
- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн муниципалдык менчик объекттерин мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү;
- жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен объекттерди күтүү жана андан ары тейлөө.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруунун контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 6-апрели, №196***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН ОБЛУСУНУН ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНУН КАТРАҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Лейлек районунун Катраң айыл аймагынын калктуу конуштарынын аймактарын кеңейтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 21-июнундагы корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 13-июнундагы №15 токтомун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Жеке турак үйлөрдү куруу үчүн жалпы аянты 107,0 га мамлекеттик менчикте турган жана Баткен облусунун Лейлек районунун Катраң айыл аймагында жайгашкан №404 контурундагы 49,0 га жайыт, №405 контурундагы 2,1 га көп жылдык бак-дарактар ээлеген жерлер, №406 контурундагы 0,5 га көп жылдык бак-дарактар ээлеген жерлер, №409 контурундагы 2,7 га көп жылдык бак-дарактар ээлеген жерлер, №411 контурундагы 2,8 га көп жылдык бак-дарактар ээлеген жерлер, №420 контурундагы 13,4 га көп жылдык бак-дарактар ээлеген жерлер, №420 контурундагы 36,5 га (34,5 га көп жылдык бак-дарактар ээлеген жерлер, 2 га канал-коллектор (башка жерлер) "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Лейлек районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерлерди эсепке алуучу документтерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;
- Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлердин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 6-апрели, №192***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЖОЛ ТАРМАГЫНДАГЫ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын жол тармагындагы мыйзамдарын системалаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-февралындагы №68 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарба департаменти жөнүндө жободо:

- 6-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;
- 14-пункттун он бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- жалпы колдонуудагы автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын оңдоону жүргүзүү жана күтүү планын даярдоону жана иштеп чыгууну жана белгиленген тартипте Министрликке бекитүү үчүн берүүнү;";

- 24-пункттун сегизинчи, тогузунчу абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №346 "Жол тармагынын системасын кайра өзгөртүп түзүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол фонду жөнүндө жободо:

- 3-пункттагы "ушул Жобого" деген сөздөр "Жол фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, ушул Жобого" деген сөздөргө алмаштырылсын;
- 9-пункттагы "натыйжалуу пайдаланууну" деген сөздөр "топтоону жана натыйжалуу пайдаланууну" деген сөздөргө алмаштырылсын;
- 11-пункттун 11-пунктчасындагы ", кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн өлчөмүн" деген сөздөр алып салынсын;
- 12-пункттун 1-пунктчасы "катчылыктан" деген сөздөн кийин "жана транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тийиштүү түзүмдөрүнөн" деген сөздөр менен толуктансын;
- 18-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"18. Фонддун кеңешинин жыйналышы зарылдыкка жараша өткөрүлөт. Фонддун кеңешинин жыйналышы кезектеги жана кезексиз болушу мүмкүн.";

- 23-пункттагы "10 календардык" деген сөздөр "3 календардык" деген сөздөргө алмаштырылсын;
- төмөнкүдөй мазмундагы 26[1], 26[2]-пункттар менен толуктасын:

"26[1]. Фонддо директордун орун басарынын кызмат орду каралган. Директордун орун басары Фонддун директорунун сунушу боюнча транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат, директорго түздөн-түз баш иет, Фонддун ишин бөлүштүрүүдөн милдеттерине ылайык уюштурат.

26[2]. Фонддун директору жок учурда анын ыйгарым укуктарын Фонддун директорунун орун басары аткарат.";

- 27-пункттун 8-пунктчасындагы "жана кызматкерлеринин эмгек акысынын өлчөмүн" деген сөздөр алып салынсын;
- 28-пунктта:

3-пунктча "бюджеттик" деген сөздөн кийин "администрациялануучу, депозиттик" деген сөздөр менен толуктасын;

төмөнкүдөй мазмундагы 11, 12-пунктчалар менен толуктасын:

"11) чөнөмдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгат жана транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга киргизет;

12) Фонддун киреше жана чыгаша каражаттарын бөлүштүрүү долбоорун иштеп чыгат жана Фонддун кеңешине бекитүү үчүн киргизет.";

- 29-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толуктасын:

"5) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынан, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине караштуу "Унаа" мамлекеттик мекемесинен төлөмдөр боюнча эсептөө жана түшүүлөр тууралуу маалыматты суроого.";

- 3-глава төмөнкүдөй мазмундагы 29[1], 29[2]-пункттар менен толуктасын:

"29[1]. Фонддун киреше же чыгаша бөлүгү көбөйгөн же болбосо азайган учурда Фонддун каражаттарын бөлүштүрүү Фонддун катчылыгынын кийин аткаруусу үчүн Фонддун кеңеши тарабынан бекитилүүгө тийиш.

29[2]. Фонддун катчылыгы ушул Жобого ылайык Фонддун кеңеши менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат.";

- 31-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

